ПОН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

**УКАЗ**

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу**

Таланттуу жаштарды колдоо, алардын чыгармачыл эмгектерин жана демилгелерин баалоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 27-июнундагы № 124 “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 22-майындагы № 69 “Кыргыз Республикасынын Президентинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 29-августундагы № 168 “Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым жарлыктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы.

006581*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

**УКАЗ**

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Об утверждении Положения о присуждении Президентской стипендии студентам (курсантам) очной формы обучения образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики**

В целях поддержки талантливой молодежи, оценки их творческих трудов и инициатив, руководствуясь статьей 71 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю:**

1. Утвердить Положение о присуждении Президентской стипендии студентам (курсантам) очной формы обучения образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики согласно приложению.

2. Признать утратившими силу:

1) Указ Президента Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о присуждении Президентской стипендии студентам (курсантам) очной формы обучения высших учебных заведений Кыргызской Республики» от 27 июня 2017 года № 124;

2) Указ Президента Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые решения Президента Кыргызской Республики» от 22 мая 2019 года № 69;

3) Указ Президента Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые указы Президента Кыргызской Республики» от 29 августа 2020 года № 168.

005641*

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2024-жылдын 2-июлу
ПЖ № 174

3. Настоящий Указ вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

г. Бишкек
2 июля 2024 года
УП № 174

Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобо**

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 525 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүүнү жана жаштарды колдоо фонду жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүүнү жана жаштарды колдоо фонду жөнүндө жобого ылайык, мыкты окуусун илимий-изилдөөчүлүк жана активдүү коомдук иш менен ийгиликтүү айкалыштырып, өзгөчөлөнгөн студенттерге (курсанттарга) финансылык колдоо көрсөтүү максатында иштелип чыккан.

2. Ушул Жобо менчигинин түрүнө карабастан, жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүргүзгөн билим берүү уюмдарында (мындан ары – билим берүү уюмдары) окутуунун күндүзгү формасында окуган студенттерге (курсанттарга) – Кыргыз Республикасынын жарандарына Президенттик стипендияны (мындан ары – стипендия) ыйгаруу тартибин белгилейт.

3. Стипендия ачык конкурстун негизинде ыйгарылат жана жалпы белгиленген стипендиядан тышкары төлөнөт. Стипендия жекече болуп эсептелет, бир окуу жылына (10 айга) белгиленет жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) бир жолу төлөнөт.

4. Стипендиянын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүүнү жана жаштарды колдоо маселелери боюнча комиссия (мындан ары – Комиссия) тарабынан белгиленет.

**2-глава. Стипендия алууга талапкерлерди тандоо критерийлери**

5. Стипендияны ыйгаруу бакалаврларды даярдоо программасынын 3-курсунда (4 окуу жылы), адистерди даярдоо программасынын 3–4-курстарында (5 жана андан ашык окуу жылы) окуган окутуунун күндүзгү формасынын студенттеринин (курсанттарынын) ичинен талапкерлерди тандоонун негизинде ушул Жобонун 6-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык жүргүзүлөт.

Приложение

**Положение о присуждении Президентской стипендии студентам (курсантам) очной формы обучения образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики**

**Глава 1. Общие положения**

1. Настоящее Положение разработано в целях оказания финансовой поддержки отличившимся студентам (курсантам), успешно совмещающим отличную учебу с исследовательской деятельностью и активной общественной работой, в соответствии с Положением о Фонде поддержки образования и молодежи при Президенте Кыргызской Республики, утвержденным Указом Президента Кыргызской Республики «О Фонде поддержки образования и молодежи при Президенте Кыргызской Республики» от 18 ноября 2021 года № 525.

2. Настоящее Положение устанавливает порядок присуждения Президентской стипендии (далее – стипендия) студентам (курсантам) – гражданам Кыргызской Республики, обучающимся по очной форме обучения в организациях образования независимо от формы собственности, осуществляющих образовательную деятельность по образовательным программам высшего профессионального образования (далее – образовательные организации).

3. Стипендия присуждается на основе открытого конкурса и выплачивается помимо общеустановленных стипендий. Стипендия является персональной, устанавливается на один учебный год (10 месяцев) и выплачивается студентам (курсантам) очной формы обучения образовательных организаций Кыргызской Республики единовременно.

4. Размер стипендии устанавливается Комиссией по вопросам поддержки образования и молодежи при Президенте Кыргызской Республики (далее – Комиссия).

**Глава 2. Критерии отбора претендентов на получение стипендии**

5. Присуждение стипендии осуществляется на основании отбора претендентов из числа студентов (курсантов) очной формы обучения, обучающихся на 3 курсе программы подготовки бакалавров (4 года обучения), на 3–4 курсах программы подготовки специалистов (5 и более лет обучения), в соответствии с критериями, указанными в пункте 6 настоящего Положения.

6. Стипендияны ыйгарууга талапкерлерди тандоонун төмөнкүдөй критерийлери белгиленет:

1) студент (курсант) алган бааларынын жалпы санынын 90 пайызынан кем эмеси “эң жакшы” болгондо окуунун жалпы мезгилинде орто аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча “эң жакшы” жана “жакшы” деген бааларды алуусу;

2) студентти (курсантты) стипендия ыйгарылганга чейинки эки жылдын ичинде өткөрүлгөн эл аралык же республикалык олимпиадалардын, конкурстардын, мелдештердин, жарыштардын студенттердин (курсанттардын) окуудагы жетишкендиктерин аныктоого багытталган башка иш-чаралардын жеңүүчүсү же байге ээси деп таануу;

3) студенттин (курсанттын) стипендия ыйгарылганга чейинки эки жылдын ичинде төмөнкүлөрдү алса:

– илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары үчүн сыйлыктарды (байгелерди);

– студенттин (курсанттын) интеллектуалдык ишинин илимий (илимий-методикалык, илимий-техникалык, илимий-чыгармачылык) натыйжаларына жетишүүсүнө болгон өзгөчө укугун күбөлөндүрүүчү документ (патент, күбөлүк);

– илимий-изилдөө иштерин аткарууга грант;

4) студенттин (курсанттын) стипендия ыйгарылганга чейинки эки жылдын ичинде эл аралык, республикалык же ведомстволук илимий (окуу-илимий, окуу-методикалык) басылмаларында жарыялоонун болушу;

5) стипендия ыйгарылганга чейинки эки жылдын ичинде студент (курсант) тарабынан илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын, анын ичинде эл аралык, республикалык же ведомстволук конференцияда, семинарда, тиешелүү деңгээлдеги башка иш-чараларда баяндама (билдирүү) менен чыгып сүйлөө жолу менен коомдук башка чыгуулары;

6) студенттин (курсанттын) мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин билүүсү;

7) студенттин (курсанттын) билим берүү уюмдарынын коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу.

7. Стипендияны ыйгарууга талапкерлер ушул Жобонун 6-пунктунда көрсөтүлгөн бир же бир нече критерийлерге ылайык келүүгө тийиш.

8. Стипендия окуу курсуна жана ЖОЖго карабастан (чет өлкөлүк ЖОЖдорду жана алардын филиалдарын кошкондо), эл аралык деңгээлдеги фестивалдардын жана конкурстардын лауреаттары жана дипломанттары болгон, бирок ушул Жобонун 6-пунктунун 1-пунктчасынын талаптарына жооп берген студенттерге (курсанттарга) да ыйгарылышы мүмкүн.



6. Устанавливаются следующие критерии отбора претендентов на присуждение стипендии:

1) получение студентом (курсантом) по итогам промежуточной аттестации в течение всего периода обучения оценок «отлично» и «хорошо» при наличии не менее 90 процентов оценок «отлично» от общего количества полученных оценок;

2) признание студента (курсанта) победителем либо призером международной или республиканской олимпиады, конкурса, соревнования, состязания, иного мероприятия, направленного на выявление учебных достижений студентов (курсантов), проведенных в течение двух лет, предшествующих присуждению стипендии;

3) получение студентом (курсантом) в течение двух лет, предшествующих присуждению стипендии:

– награды (приза) за результаты научно-исследовательской работы;

– документа, удостоверяющего исключительное право студента (курсанта) на достигнутый им научный (научно-методический, научно-технический, научно-творческий) результат интеллектуальной деятельности (патент, свидетельство);

– гранта на выполнение научно-исследовательской работы;

4) наличие у студента (курсанта) публикации в научном (учебно-научном, учебно-методическом) международном, республиканском или ведомственном издании в течение двух лет, предшествующего присуждению стипендии;

5) иное публичное представление студентом (курсантом) в течение двух лет, предшествующего присуждению стипендии, результатов научно-исследовательской работы, в том числе путем выступления с докладом (сообщением) на международной, республиканской или ведомственной конференции, семинаре, ином мероприятии соответствующего уровня;

6) знание студентом (курсантом) государственного, официального и одного из иностранных языков;

7) активное участие студента (курсанта) в общественной, культурной и спортивной жизни образовательных учреждений.

7. Претенденты на присуждение стипендии должны соответствовать критериям, указанным в пункте 6 настоящего Положения.

8. Стипендия также может присуждаться студентам (курсантам), ставшим лауреатами и дипломантами фестивалей и конкурсов международного уровня, выступая от Кыргызской Республики, независимо от курса обучения и вуза (включая зарубежные вузы и их филиалы), но отвечающим требованию подпункта 1 пункта 6 настоящего Положения.

9. Стипендия бир адамга бир жолудан көп эмес ыйгарылышы мүмкүн эмес.

## 3-глава. Стипендияны ыйгаруу

10. Жогоруда аталган критерийлерге жооп берген стипендия алууга талапкерлердин тизмеги билим берүү уюмунун окумуштуулар кеңешинде каралат жана бекитилет.

11. Стипендия алууга талапкерлердин тизмеси жана документтери стипендияга талапкерлерди тандоо боюнча ишти координациялоо жана уюштуруу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттө (августтан кечиктирбестен) Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) жиберилет.

Мында коштомо катта билим берүү уюму күндүзгү окуу формасында окуган билим берүү уюмдарынын студенттеринин (курсанттарынын) жалпы санын көрсөтөт.

Документтерди кабыл алуу ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген мөөнөттө 1 айдын ичинде жүзөгө ашырылат.

Ыйгарым укуктуу орган талапкерлердин документтерин Комиссиянын кароосуна киргизет (этап сентябрда өткөрүлөт).

12. Стипендия алууга талапкерлердин тизмесине билим берүү уюмдары ар бир талапкерге карата төмөнкү документтерди тиркөөгө тийиш:

1) талапкердин жетишкендиктерин мүнөздөгөн билим берүү уюмунун жүйөлөнгөн өтүнүч каты;

2) стипендияны изденип алууга студентти (курсантты) көрсөтүү жөнүндө билим берүү уюмунун Окумуштуулар кеңешинин жыйналышынын протоколунан кеңештин төрагасынын жана окумуштуу катчысынын колтамгасы менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

3) мыкты академиялык жетишкендиктерин ырастаган зачеттук китепчесинин акыркы эки окуу жылынын көчүрмөсү;

4) талапкердин конференциялардагы, олимпиадалардагы жана конкурстардагы жетишкендиктерин ырастаган документтердин көчүрмөлөрү, анын ичинде:

– талапкер тарабынан жарыяланган (жеке же авторлоштукта) илимий иштердин тизмеси (эгерде болсо);

– илимий конференцияларда, симпозиумдарда чыгып сүйлөөлөрдүн темаларынын тизмеси, алардын өткөрүлүүчү ордун жана убактысын көрсөтүү менен (эгерде болсо);



9. Стипендия не может быть присуждена одному лицу более одного раза.

## Глава 3. Присуждение стипендии

10. Перечень претендентов на получение стипендии, отвечающих вышеуказанным критериям, рассматривается и утверждается на ученом совете образовательной организации.

11. Список и документы претендентов на получение стипендии направляется в уполномоченный государственный орган в сфере образования и науки Кыргызской Республики (далее – уполномоченный орган) для координации и организации работы по отбору претендентов на стипендию в сроки установленные уполномоченным органом (не позднее августа).

При этом образовательные организации обязательно в сопроводительном письме указывают общую численность студентов (курсантов) образовательных организаций, обучающихся по очной форме обучения.

Прием документов осуществляется в течение 1 месяца в сроки, установленные уполномоченным органом.

Уполномоченный орган вносит документы претендентов на рассмотрение Комиссии (этап проводится в сентябре).

12. К списку претендентов на получение стипендии образовательные организации должны приложить в отношении каждого претендента следующие документы:

1) мотивированное ходатайство образовательной организации, характеризующее достижения претендента;

2) выписка из протокола заседания Ученого совета образовательной организации о выдвижении студента (курсанта) на соискание стипендии, заверенная подписью председателя и ученого секретаря совета;

3) копия зачетной книжки за два последних учебных года, подтверждающей отличную академическую успеваемость;

4) копии документов, подтверждающих достижения претендента на конференциях, олимпиадах и конкурсах, включая:

– список опубликованных претендентом (единолично или в соавторстве) научных работ (при наличии таковых);

– список тем выступлений на научных конференциях, симпозиумах с указанием их места и времени проведения (при наличии таковых);

5) другие документы, подтверждающие успехи претендента в научно-исследовательской работе, творческих и спортивных состязаниях (при наличии таковых);

6) копия документа, удостоверяющего личность.

5) талапкердин илимий-изилдөө ишиндеги, чыгармачылык жана спорттук мелдештердеги ийгиликтерин ырастаган башка документтер (эгерде болсо);

6) инсандыгын ырастоочу документтин көчүрмөсү.

13. Конкурска берилүүчү документтер билим берүү уюмунун мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Бардык тиркелген документтер менен бирге өтүнүч кат билим берүү уюмунун мөөрү менен күбөлөндүрүлүп, номерленип, боолонуп бир нускада берилет.

14. Төмөнкүдөй өтүнмөлөр каралбайт жана конкурска катышууга жол берилбейт:

1) электрондук почта аркылуу же факсимилдик байланышты колдонуу менен жиберилген;

2) конкурстун шарттарына ылайык келбеген;

3) тариздөө эрежелерин бузуу менен берилген;

4) документтерди кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин келип түшкөн.

15. Өтүнмөнү четке кагуунун себептери Комиссия тарабынан билдирилбейт.

16. Конкурска берилген материалдар кайтарылып берилбейт.

17. Билим берүү уюмдары стипендия алууга көрсөткөн талапкерлердин жалпы санынын ичинен Комиссия Кыргыз Республикасынын Президентине стипендияны ыйгарууга сунушталган талапкерлерди стипендиаттардын санынын квотасынын чегинде конкурстук тандап алууну ишке ашырат.

18. Конкурс жыл сайын өткөрүлөт жана эки этаптан турат:

1) билим берүү уюмдары стипендияны ыйгарууга талапкерлерди көрсөтөт (этап окуу жылы аяктагандан кийин өткөрүлөт);

2) Комиссия билим берүү уюмдары көрсөткөн талапкерлердин ичинен мыктыларын тандайт (этап октябрда өткөрүлөт).

19. Конкурс ушул Жобонун 5 жана 6-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген адамдарды тандоо жолу менен өткөрүлөт. Талапкердин жетишкендиктерин баалоо ушул Жобонун тиркемесине ылайык баллдык система боюнча жүзөгө ашырылат. Стипендиялар кыйла жогору балл алган талапкерлерге ыйгарылат. Окуунун жалпы мезгилинде орто аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча “эң жакшы” деген гана баага ээ болгон студенттерге (курсанттарга) артыкчылык берилет.

Бирдей шарттарда стипендияны ыйгарууда жетим балдарга, ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга, бала кезинен майып балдарга, майып балдарга артыкчылык берилет.

20. Өткөрүлүүчү конкурстук тандоонун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуу максатында Комиссия катышуу жана Комиссиянын ишине көмөк көрсөтүү үчүн мамлекеттик органдардын



13. Документы, представляемые на конкурс, должны быть заверены печатью образовательной организации. Ходатайство со всеми прилагаемыми документами представляется в одном экземпляре, пронумерованном, прошитом и заверенном печатью образовательной организации.

14. Не рассматриваются и не допускаются к участию в конкурсе заявки:

1) присланные по электронной почте или с использованием факсимильной связи;

2) не соответствующие условиям конкурса;

3) представленные с нарушением правил оформления;

4) поступившие после истечения срока принятия документов.

15. Причины отклонения заявок Комиссией не сообщаются.

16. Представленные на конкурс материалы не возвращаются.

17. Из общего числа претендентов на получение стипендии, представленных образовательными организациями, Комиссия осуществляет конкурсный отбор претендентов, рекомендуемых Президенту Кыргызской Республики на присуждение стипендии, в пределах квоты числа стипендиатов.

18. Конкурс проводится ежегодно и состоит из двух этапов:

1) образовательные организации представляют претендентов для присуждения стипендии (этап проводится после завершения учебного года);

2) Комиссия отбирает лучших из претендентов, выдвинутых образовательными организациями (этап проводится в октябре).

19. Конкурс осуществляется путем отбора лиц, наиболее отвечающих требованиям, указанным в пунктах 5 и 6 настоящего Положения. Оценка достижений претендента осуществляется по балльной системе в соответствии с приложением к настоящему Положению. Стипендии присуждаются претендентам, набравшим наиболее высшие баллы. Преимущество дается студентам (курсантам), имеющим по итогам промежуточной аттестации в течение всего периода обучения только оценки «отлично».

При равных условиях преимущество при присуждении стипендии имеют дети-сироты, дети, оставшиеся без попечения родителей, инвалиды детства, дети-инвалиды.

20. В целях обеспечения объективности и прозрачности проводимого конкурсного отбора Комиссия вправе образовывать рабочую группу из числа представителей государственных органов и гражданского общества для участия и содействия работе Комиссии.

21. Квота на получение стипендии определяется Комиссией в пределах средств Фонда поддержки образования и молодежи при

жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн турган жумушчу топту түзүүгө укуктуу.

21. Стипендия алууга квота ушул төлөмдөргө учурдагы жылы каралган Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүүнү жана жаштарды колдоо фондунун каражаттарынын чегинде Комиссия тарабынан аныкталат.

22. Стипендиаттардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет.

23. Стипендия алууга татыктуу студенттерге "Президенттик стипендиат" сертификаты тапшырылат.

### 4-глава. Стипендияларды төлөөнү каржылоо

24. Стипендияны төлөө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Билим берүүнү жана жаштарды колдоо фондунан жүзөгө ашырылат.

25. Стипендияларды төлөөгө каражаттарды эсепке алуу жана отчеттуулук Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы тарабынан жүзөгө ашырылат.



Президенте Кыргызской Республики, предусмотренных в текущем году на данные выплаты.

22. Список стипендиатов утверждается Президентом Кыргызской Республики.

23. Студентам, удостоенным стипендии вручается сертификат «Президенттик стипендиат».

### Глава 4. Финансирование выплаты стипендий

24. Выплата стипендии осуществляется из Фонда поддержки образования и молодежи при Президенте Кыргызской Республики.

25. Учет и отчетность по средствам на выплату стипендии осуществляется Управлением делами Президента Кыргызской Республики.

Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине (курсанттарына) Президенттик стипендияны ыйгаруу жөнүндө жобого

тиркеме

**Баалоо системасы**

| № | Баалоо критерийлери | Баллдар |
|---|---|---|
| 1 | Жетишкендиги | 40ка чейин |
| 2 | Эл аралык же республикалык олимпиадалардын, конкурстардын, мелдештердин ж.б. жеңүүчүсү | 10го чейин |
| 3 | Изилдөөчүлүк иш (долбоор, презентация) | 10го чейин |
| 4 | Илимий эл аралык, республикалык же ведомстволук мезгилдүү басылмаларда жарыялоолор | 10го чейин |
| 5 | Студент (курсант) тарабынан башка илимий-изилдөө ишинин натыйжаларын көрсөтүүсү | 10го чейин |
| 6 | Тилдерди билүүсү | 10го чейин |
| 7 | Билим берүү мекемелеринин коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу | 10го чейин |
| | Бардыгы: | 100 |

Приложение

к Положению о присуждении Президентской стипендии студентам (курсантам) очной формы обучения образовательных организаций высшего профессионального образования Кыргызской Республики

**Система оценивания**

| № | Критерии оценивания | Баллы |
|---|---|---|
| 1 | Успеваемость | до 40 |
| 2 | Призер международных или республиканских олимпиад, конкурсов, соревнований и т. д. | до 10 |
| 3 | Исследовательская работа (проект, презентация) | до 10 |
| 4 | Публикации в научных международных, республиканских или ведомственных периодических изданиях | до 10 |
| 5 | Иные публичные представления студентом (курсантом) результатов научно-исследовательской деятельности | до 10 |
| 6 | Владение языками | до 10 |
| 7 | Активное участие в общественной, культурной и спортивной жизни образовательных учреждений | до 10 |
| | Итого: | 100 |